**Протокол №4**

**19.02.2021-жыл** **Кара-Балта шаары**

**Катышты: 37 ата-энелер комитеттери**

**1. Мектеп ичинде медициналык жана коопсуздук кызматкери жөнүндө**

**2. Тарбия маселеси**

**Уктук**

**1. – маселе** боюнча №1 орто мектебинин директору: Балбаков З.А.

-Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер , сиздерди чогултканыбыздын себеби азыр билим берүү мекемелеринде 2014-2015 окуу жылдарынан бери медициналык кызматкери штаттын жоктугуна байланыштуу, Камкорчулар кеңешинин, сиздердин макулдугуңуздар менен медицина жана коопсуздук кызматкерин келишимдин негизинде жумушка алууну сунуштайм . Себеби мектепте балдардын ден-соолугун жана коопсуздугу алдын алуу иретинде муктаждык бар, анткени бала деген бала ар кандай кокустук болуп кетпейт деп эч ким кепилдик бербейт, тез жардам чыкырууга аргасыз болгон учурларда , ага чейин медициналык биринчи жардам көрсөтүүгө, балдарды пландалган медициналык кароодон өткөрүүдө абдан муктаждык жаралат, ошондой эле мектеп трассанын жээгинде жайгашкандыктан, мектепке келе жаткан жана сабак бүткөндө кетип жаткан окуучуларды жолдон өткөрүү, мектеп ичинде жана сыртында видео байкоолор орнотулганына карабай коопсуздук кызматкери көзөмөлгө алса бир аз болсо да пайдалуу болот деген ишеничтебиз .

Жарыш сөзгө чыгып, өз оюн айтты :

-Мен 5-кл ата-энелеринен Ахмеджанова Эльмира , Саламатсыздарбы агай туура айтат, келиңиздер ушул сунушту биз колдойлу, анткени ар бир бала коопсуз жана дени сак билим алуусу биз үчүн , өзүбүзгө биринчи кезекте маанилүү.

-Мен 3- кластын ата-энеси Рудаева О.Ю. ооба туура айтасыздар, биз көп учурда балдарды тосуп алганга убакыт таппай тынчсызданып калабыз, ошол учурда жолдон өткөрүп койсо албетте жакшы, бул кызматтар өтө керек , мен макулмун, ишке ашса абдан жакшы болот.

Ата-энелер бул кызматкерлерге Камкорчулар Кеңешинин Уставынын негизинде негизги төлөмдөн сырткары , өз ыктыяры менен ар бир окуучуга жылына 100(Жүз) сом өлчөмүндө берүүнү талкуулашып, бир добуштан колдошту.

**2.- маселе** боюнча ЖР ИИБнөн милициянын майору Б.Б. Бокушев азыркы коомдо өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук, суицид, массалык мушташ, каракчылык , уурулук ж.б терс адаттарды болтурбоо максатта, укук коргоо кызматкерлери ар дайым мектеп менен биргеликте алдын алуу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келээрин, ошондой эле мектептен кийинки убакыт аралыгында ата-энелерге өз балдарын жакшы көзөмөлдөө керектигин түшүндүрүү менен эскертүүлөр жөнүндө билдирди, ошону менен бирге ата-энелердин укугун милдетин унутпай аткарууга чакырды.

**Чечим:**

1. Мектеп ичинде медицина жана коопсуздук кызматкерлери келишимдин негизинде кабыл алынсын.
2. Окуучулардын тартиби эки тараптуу көзөмөлдөнсүн.

**Директор:** **З.А.Балбаков**

**Катчы:** **Э.И.Чотова**